**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЫСЫК-КӨЛ ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ИНДУСТРИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ КОЛЛЕДЖ**

**Окуу усулдук-кенешинин жыйналышынын**

**ПРОТОКОЛУ №4**

**10.04.2020-ж.** **Балыкчы ш.**

Төрайымы – Н.Сагындыкова
Катчысы – Н.Б.Омурова
Катышкандар: Жумабаева Б.А, Жапарова А.Ж, Мамбетова А.Б, Ж.Иманканова, К.Өмүрова, Н.Кожорова , Б.Куланбекова

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Дистанттык окутууга өтүү жөнүндө.
2. MOODLE билим берүү порталында иштөө жөнүндө.

**Угулду : Б.А.Жумабаева**

2019-2020-окуу жылынын 16-марттан баштап кырдаалга байланыштуу окуу жайда билим берүү аралыктан окутуу (дистанттык) формасына өтүп иштеп жатабыз. MOODLE окутуу системасы жөнүндөгү жобо иштелип чыкты.Апрель айынын 08.04.2020-жылдагы №26-КБ буйругунун негизинде билим берүү жана илим министрлиги алдында иштелип чыккан билим берүү маалыматтык порталы боюнча окутуу жүргүзүлөт. Портал боюнча ишти программист А.Казыбаев алып барат.

**Сөзгө чыкты: Н.Сагындыкова**

Дистанттык окутуу үчүн силлабустар, лекциялардын электрондук варианттары, тесттик суроолор, практикалык иштер порталга жүктөлүш керек. Ал үчүн бардык окутуучуларга өзүлөрүнүн дисциплиналары жана группалар боюнча жеке кабинеттери ачылат, ошол жеке кабинеттер аркылуу иш алып барабыз. Ар бир куратор студенттердин логин, паролдорун алып ватсап группа ачып студенттерге жеткиргиле. Порталга кирбей калган студенттер болсо байланышып жетекчиликке билдиргиле.

**Сөзгө чыкты: А.Мамбетова**

Ар бир окутуучу өзүңүздөрдүн бекитилген силлабустарыныздарды порталга жүктөп ошол боюнча лекция жана практикалык иштерди өтүп, студенттер менен кайтарым байланыш жүргүзгүлө.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 08.04.2020-жылдагы №26-КБ буйругунун негизинде билим берүү жана илим министрлиги алдында иштелип чыккан билим берүү маалыматтык порталы боюнча окутуу ишке ашырылсын.
2. Порталга жүктөлө турган окуу процессине тиешелүү иш кагаздарды көзөмөлдөө жагы ОТИ б.д.орун басары Н.Сагындыковага милдеттендирилсин, портал менен иштөө жоопкерчилиги программист А.Казыбаевге милдеттендирилсин.
3. Бардык окутуучулар өз дисциплиналары боюнча окуу жүгүртмөсүнүн негизинде порталга өз учурунда маалыматтарды киргизип, студенттер менен кайтарым байланыш жүргүзүлсүн.
4. MOODLE электрондук окутуу системасын пайдалануу жөнүндө Жобо бекитилсин.

**Төрайымы** **Н.Сагындыкова**

**Катчы** **Н.Б.Омурова**